
PISA

- Окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин баалоо боюнча эл аралык программа (англ. Programme for International Student Assessment, PISA) -- дүйнөнүн ар кыл өлкөлөрүндөгү мектеп окуучуларынын сабаттуулугун жана алган билимин тажрыйбада колдоно билүүсүнө баа берген тестирлөө болуп саналат. Ал үч жылда бир өтүп, 15 жаштагы өспүрүмдөр катышат.

- Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо боюнча эл аралык PISA сынагына биздин өлкө 2006-жылдан бери катыша баштады. Ошондогу алгачкы изилдөөгө өлкөбүздүн ар кайсы аймагынан 201 билим берүү мекеме , 15 жаштагы (1990-жыл төрөлгөн) 5904 улан-кыздар окуу, математика жана табигый илимдер боюнча күч сынашты. Анда да Кыргызстан 57 өлкөнүн ичинен акыркы орунду ээлеген.

Окуучулардын билимин баалоо багытында иш алып барган PISA эл аралык борбору 2009-жылы жүргүзгөн иликтөөсүнүн жыйынтыгын жарыялады. Ага ылайык Кыргызстандагы окуучулардын билим деңгээли 65 өлкөнүн ичинен эң төмөн деп табылды. Коңшу өлкөлөрдүн ичинен Казакстан 59-орунга ээ болсо, мындан соң өлкө бийлиги аталган программага катышуудан баш тарткан. Азербайжан 64, Орусия 43-орунду ээледи.

Ал эми Кытай, Түштүк Корея, Финляндия , Канада, Япония өңдүү өлкөлөрдөгү окуучулардын билими жогорку деп бааланды.

- PISA программасында алдыңкы орундарды бербеген өлкө – Финляндия.
- Финляндияда билим берүү ваучер системасы менен каржыланып, учурда финдердин билим берүү модели дүйнө боюнча мыкты экенин далилдеди. Ваучердик каржылоо Финляндиянын орто билим берүү системасына төмөнкү артыкчылыктарды алып келди.

- • Мектепке чейинки жана мектептеги билим берүү 100% акысыз
- • Каржылоо мектепке эмес, окуучунун өзүнө берилет
- • Окуучулардын жол акысы бийлик тарабынан төлөнөт
- • Бала бакчада жана мектепте тамак-ашы бекер
- • Китептер жана окуу куралдар бекер
- • Бала бакчадагы тарбиячы жана мектеп мугалими айына бир жолу баланын үйүнө барып үй-бүлөнүн көйгөйлөрү менен таанышып турат
- • Окуу жылынын аягында мугалимдердин бардыгы иштен кетирилип, кийинки жылга сынак аркылуу катышат
- • Кароосуз калган балдар жок
- Финляндия тандап алган ваучердик схема билим берүүдө мыкты жыйынтыктарды берип, ийгиликтүү иштеп жатат.

## Фин мектептери башкалардан эмнеси менен айырмаланат?

- • Мугалимдин эмгегин коом сыйлайт жана жакшы төлөйт.
- • Мектеп инспекциялары сыяктуу мугалимдерди текшергендер жок.
- • Мектептик билим берүү борборлоштурулган, мектептердин көбү бюджеттен каржыланат.
- • Мектептеги окуу убактысы беш сааттан ашпайт, а жайкы каникулдар он аптага чейин созулат
- • Окуучуларга бааны аларды окуткан мугалим коет. Мамлекеттик экзаменди бир гана 18 жашка чейин окуган жогорку класстын окуучулары беришет.
- • Мектепте балдардын саны орточо алганда 195 окуучуга туура келет; класстардын орточо көлөмү - 19 окуучу.
- • Фин моделинин ийгилиги окутууну жана билим алуучулукту коомдун сыйлагандыгында, ошондой эле алардын этникалык бир түрдүү чакан калк экендигинде.
- • Финляндия соңку жылдары PISA программасы боюнча мурдакыдай жогорку көрсөткүчтөргө жетпей калууда.
- • Европанын башка өлкөлөру сыяктуу эле, Финляндия дагы финансылык проблемалар жана иммигранттардын көбөйүшү сыяктуу көйгөйлөргө туш келүүдө.


- Ар бир жолку PISA сынагында изилдөөнүн жаңы цикли киргизилип турат. Мисалы, 2012- жылы каржылык сабаттуулукка, 2015-жылы көйгөйлөрдү чечүүгө, 2018-жылы глобалдык компетенцияларга же билгиликтерге басым жасалды.
- Ал эми PISA-2025 иликтөөсү көйгөйлөрдү чечүү, компьютердик сабаттуулук жана чет тилдери боюнча жүргүзүлөт.

- **PISA 2000 – окуу**
- **PISA 2003 – математика**
- **PISA 2006 – табигый илимдер**
- **PISA 2009 – окуу**
- **PISA 2012 – математика**
- **PISA 2015 – табигый илимдер**
- **PISA 2018 – окуу**


# PISA 2018: ЭҢ АКЫЛДУУ БАЛДАР КАЙСЫЛ ӨЛКӨДӨ?



## Pisa 2018 сынагында окуу боюнча алдыдагы 20 өлкө





Булак: OECD


Азия мектептери математика боюнча алдыда
2018 PISA сынагында математикадан алдыга чыккан 20 өлкө
Америка
Азия
Европа
OECD орточо көрсөткүч
489
Кытай 591
Сингапур 569
Макао 558
Гонконг 551
Тайван 531
Жапония 527
Түштүк Корея 526
Эстония 523
Нидерланддар 519
Польша 516
Швейцария 515
Канада 512
Словения 509
Дания 509
Бельгия 508
Финляндия 507
Улуу Британия 502
Швеция 502
Норвегия 501
Германия 500
0
200
400
Булак: OECD
BBC

# Табигый илимдер боюнча сабактардан кытай окуучулары алдыда

Табигый илимдер боюнча сабактардан алдыңкы 20 өлкө




Булак: OECD

Финляндия буга чейин үч жолку сынактын (2000, 2003, 2006) тең лидери болгону белгилүү, ал эми Сингапур 2015-жылдын эң мыктысы болгон.

PISA рейтингинде Европадан алдыга суурулган өлкө Эстония болду Табигый илимдер боюнча алганда бул жолку рейтингдин таблицасында алдыңкы үч орунга Азия өлкөлөрү чыкты. Ал эми Европадагы өлкөлөрдүн ичинен Эстония лидер болду.

Кыздар окуу жана табигый илимдер боюнча сабактардан эркек балдардан алдыга кеткен, ошол эле убакта уландар кыздардан математика боюнча орточо алганда беш баллга көп жыйнашты.

- Кыймылдатып турган күч бул мугалимдер. Мугалимдердин билим сапаты, кесиптик деңгээли жогоруламайынча биздин билим сапатыбыз көтөрүлбөйт. Андан кийин балдардын окуу-куралдарынын заманбап түзүлүшү маанилүү. Балдардын ошол окуп, даярданып жаткан нерсесин баалоочу механизмдер керек. Баланы жазалай турган эмес, ага жардам бере турган ыкмалар керек. Бир тепкичтен кыйналып жатса, экинчи тепкичке жеткизе турган ыкмалар колдонулушу абзел. Анан албетте дагы бир таасир - каржы системасын жакшыртуу керек.